## 5. Негизги кесиптик билим берүү программасынын жалпы мүнөздөмөлөрү

Ишке ашырылып жаткан Негизги кесиптик билим берүү программасы 060113 «Физикалык терапия» адистиги боюнча Ош мамлекеттик университети тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн. Программа эмгек рыногунун талаптарын жана практикалык саламаттык сактоонун муктаждыктарын эске алуу менен иштелип чыгып, университеттин белгиленген тартибинде бекитилген нормативдик-методикалык документтердин жыйындысы болуп саналат.

Негизги кесиптик билим берүү программасы максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун, шарттарын жана технологияларын, бүтүрүүчүнү адистик боюнча даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат жана өзүнө төмөнкүлөрдү: окуу процессинин графигин, окуу планын, дисциплиналардын жумушчу программаларын жана окугандарды даярдоонун сапатын камсыз кылуучу башка материалдарын, окуу-өндүрүштүк практиканын программаларын камтыйт.

Негизги кесиптик билим берүү программасында жыл сайын окуу пландарынын жана дисциплиналардын жумушчу программаларынын түзүмү жана мазмуну, окуу-өндүрүштүк практиканын программалары, студенттерди даярдоонун сапатын камсыз кылуучу методикалык материалдары кайра каралып, толукталат.

Негизги кесиптик билим берүү программасы студенттердин жана колледж кызматкерлеринин биргелешкен билим берүү, илимий, өндүрүштүк, коомдук жана башка иш-аракеттеринин алкагында ишке ашырылат. "Физикалык терапия" адистигин программасы төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылат:

- бүтүрүүчүнү даярдоодо практикалык багыттуулукка басым жасоо;
- "физикалык терапия" адистигинин окутуучулары тарабынан окутуунун заманбап педагогикалык технологияларын колдонуу;
- билим берүүнүн мазмунун аныктоодо практикалык саламаттык сактоонун суроо-талаптарын эске алуу;
- окуп жаткандарды кесиптик чөйрөдө дайыма өнүгүүгө жана инновациялык ишмердүүлүккө, анын ичинде квалификациясын жогорулатууну улантууга шыктандыруу.